## ФИЛОСОФИЯ

УДК: 1(091) (575.2) (04)
DOI 10.33514/1694-7851-2022-2-206-210

**Акматалиев Асанбек Тургунбаевич, Эркебаев Элес Мизанович, Коконова Нуржамал Жапаровна**

ОшТУ, академик Б.Мурзубраимов атындагы эл аралык Өзгөн технологиялык жана билим берүү институту, филология илимдеринин кандидаты, доцент,
Ош мамлекеттик университети, филология илимдеринин кандидаты, доцент,
Ош мамлекеттик университети, изденүүчү

**Акматалиев Асанбек Тургунбаевич, Эркебаев Элес Мизанович, Коконова Нуржамал Жапаровна**

ОшТУ, Международный Узгенский институт технологии и образования имени академика Б.Мурзубраимова, кандидат филологических наук, доцент,
Ошский государственный университет, кандидат филологических наук, доцент,
Ошский государственный университет, соискатель

**Akmataliev Asanbek Turgunbaevich, Erkebaev Eles Mizanovich, Kokonova Nurjamal Zhaparovna**

OshTU, International Uzgen Institute of Technology and Education named after academician B. Murzubraimov, Candidate of Philological Sciences, Associate Professor,
Osh State University, Candidate of Philological Sciences, Associate Professor,
Osh State University, Applicant

# РУХАНИЙ МУРАСТЫН КООМДУК ЖАШООГО ТИЙГИЗГЕН ТААСИРИ
# ВЛИЯНИЕ ДУХОВНОГО НАСЛЕДИЯ НА ОБЩЕСТВЕННУЮ ЖИЗНЬ
# THE IMPACT OF SPIRITUAL HERITAGE ON PUBLIC LIFE

**Аннотация:** Аталган макалада руханий мурастын коомдук жашоого тийгизген таасири каралат, андан тышкары анда айтылгандай, руханий мурастын структурасы материалдык, маданий жана социалдык мурастардын кандайдыр-бир механикалык жыйындысынан куралат. Ушул салыштырмалуу өз алдынча эмгектер бир бүтүндүүлүктү жараткан туруктуу системанын байланышында болот жана бири-бирин шарттап турат. Мурастын ар бир формасынын сапаты, орду, ролу жана мааниси өздөрү курамында турган системанын байланышынан жана жалпы бүтүндүүлүктүн структурасынан көз каранды. Себеби ушул формалардын өзгөрүшү структуранын алмашуусуна алып келет.

**Аннотация:** В данной статье рассматривается влияние духовного наследия на общественную жизнь, также в ней говорится о том, что структуру духовного наследия составляет некий механический набор материального, культурного и социального наследия. Эти относительно самостоятельные произведения связаны и обусловлены устойчивой системой, создающей единое целое. Качество, место, роль и значение каждой формы наследия зависят от соотношения системы, в которой они находятся, и структуры общей целостности. Это связано с тем, что изменение этих форм приводит к изменению структуры.

**Annotation:** This article discusses the impact of spiritual heritage on public life, it also says that the structure of spiritual heritage is a kind of mechanical set of material, cultural and social heritage. These relatively independent works are connected and conditioned by a stable system that creates a single whole. The quality, place, role and significance of each form of heritage depends

on the correlation of the system in which they are located and the structure of the overall integrity. This is due to the fact that a change in these forms leads to a change in the structure.

**Негизги сөздөр:** руханий мурас, структура, процесс, социалдык тажрыйба, тил, маданий мурас, каада-салт, үрп-адат, ырым-жырым, цивилизация.

**Ключевые слова:** духовное наследие, структура, процесс, социальный опыт, язык, культурное наследие, традиция, обычай, обряд, цивилизация.

**Key words:** spiritual heritage, structure, process, social experience, language, cultural heritage, tradition, custom, ritual, civilization.

Баарыбызга жакшы маалым болгондой, ар бир улут, этностун башкалардан бөлүнгөн өзүнүн тарыхы бар эмеспи. Ал тарых нечендеген кылымдарды камтыган элдин таркашын, турмушун, анын тагдырын, жашоодогу үмүт-максатын, кайгы-мунун, кубанычын чагылдырып, кайсыл улуттан болбосун ата-тегин, кайдан чыгып, кай жерлерге тараганын, мекени, досу-касы ким экенин билгизет. Улуттун улуу руху, дили жана тили, үрп-адаты, каада-салты, нарк-насили, өзгөчөлөнгөн жеке маданиятын түзүп, көөнөргүс мурасы катары бир муундан экинчи муунга өтүп, кылымдарды карыта, анын баа жеткис баалуулуктары улам кийинкилерине ыйык эстафета катары өткөрүлүп, коомдун рухун тазалап, элдик биримдике чакырат.

Ата-бабадан калган мурас салтка айланып, калктын калын катмарына терен синип, ооздон-оозго өтүп, дастан, санжыра, накыл сөзгө айланып айтыла берет эмеспи. Кагаз бетине түшүп, кол жазмага айланган «аттын кашкасындай» чындык болбогону сон, анын автору ким экени билинбей элдик, улуттук болуп калат тура. Бирок, ар бир улуттун каада-салты, үрп-адаты, макал-лакаптары, эпикалык дастандары, дүйнө, адам жана турмуш жөнүндөгү ар кандай түшүнүмдөрү, башкача айтканда, улуттун фольклору менен этнографиялык жоболору баа жеткис руханий байлыкты түзгөн элдик мураска айланып, тарыхый маалымат катары пайдаланары талашсыз.

Кыргыздар дагы байыркы этностордун бири катары атадан балага өткөн, көчмөн турмуштун маданиятынын квинтэсенциясын чагылдырган элдик мураска бай. Жалпы Чыгыш цивилизациясынын калыпанышында номаддардын маданияты кандай зор мааниге ээ болсо, көчмөндөрдүн («талаа цивилизациясы») маданиятынын өнүгүшүндө, анын жок болуп кетпей сакталышында кыргыздардын өзгөчө орду бар десек жанылышпайбыз. Кеп кыргыздар жөнүндөгү алгачкы маалыматтардын биздин заманга чейинки II кылымда кытайлыктар тарабынан белгиленип кеткендигинде эмес, кеп –Энесайдан тартып Каспийге чейин тараган, жалпы Азияны дүркүрөтүп турган кыргыз көчмөндөрүнүн дүйнөлүк адамзат тарыхына кошкон салымында. Аны менен биз өзүбүздү өтө мактап кыргыз элинин тигил же бул артыкчылыгын көрсөтөлү деген ойдон алыспыз. Тескерисинче, эмне үчүн боордош казак, өзбек жана башка тууганадарыбыз актай калган тарыхын мамлекеттик өтө маанилүү денгээлге жеткире алат дагы, ал эми бул жагдайда Кыргызстанда анчалык маани берилбей келет. Улутту улут кылган элдин басып өткөн тарыхын, тилин, дилин, мекендеген жерин, башкалардан өзгөчөлөнгөн маданиятын, дүйнө таанымын кыргыздар өзүбүз иликтебесек кимдер биз үчүн аны изилдейт? Тарыхты идеологиялык бурмалоодон бошотуп, ак-караны ажыратып, ташка тамга баскандай тактык киригизүү жеке гана окумуштуулар, чыгармачыл интеллектуалдардын демилгеси менен эле бүтө койбос. Тарыхын билген, андагы баалуулуктар системасын даназалаган коомдун келечеги бар, андыктан бул маселенин өзүн мамлекеттик денгээлге көтөрүп, республиканын туруктуу өнүгүү стратегиясынын маанилүү

багыты деп түшүнүү ар бир атуулдун парзы десек болот. Балким эгемендүлүк жылдарынан бери бирдиктүү идеологияны иштеп чыга албай жаткандыгыбызга ушулар себептир. Балким биздин ан-сезимибизди көтөрө турган, улутту бириктирген идеялар ушул элдик мурастарда жатпасын.

Албетте, кээ бир шарттуулуктарга бай келген нукура элдик мурастын негизинде кыргыздардын илимге чейинки коомдук-саясий ой-пикирин, ааламга болгон көз карашын, дүйнө таанымын толугу менен бүтүмдөп берүү кыйынга турат. Ошентсе дагы улуттун баа жеткис казынасын түзгөн элдик мурас аркылуу кыргыздардын коомдук өнүгүү тарыхынын кээ бир жерлерине тактык киргизип, каада-салт, үрп-адат, учкул сөздөрдүн мааниси менен манызын ачуу аркылуу, жетишпеген руханий маалыматтарга толуктоо киргизип, анын бүгүнкү замандын талабына ылайыктап, коомду биримдике чакырган идея катары пайдалансак жакшы болмок [1, 22-б.].

Андан кийинки кеп учугун, кыргыздардын руханий маданияты негизинен эпикалык чыгармаларда жашагандыгы туурасында уласак. Алар социалдык эстафета катары муундан-муунга берилгендигинин натыйжасында бизге ал баалуулуктардын чети да коробой жеткирилген. Руханий мурас – жеке инсандын эмес, жалпы эле жамааттын таанып-билүү ишмердүүлүгүнүн натыйжасы. Жамааттын эс-тутуму гана убакыт жана мейкиндикте тарыхый окуялардын сакталышына шарт түзө алат. Адамдын мээсинин ишмердүүлүгүнүн негизинде ачылган коомдук кубулуштардын манызын, кийинки муундарга жеткирүүдө жазуунун жоктугу, ал процессти эки эсеге татаалдантат. Мындай кырдаал руханий чыгармачылыктын маалыматтарын сактоонун өзгөчө структурасынын пайда болушуна алып келет.

Мааламыттарды сактоонун жана берүүнүн салтка айланган формасы аларды коомдун өнүшүнүндөгү талаптарга ылайык өзгөртүп, кошумчалап, айрым учурда кээ бир бөлүктөрүн четке кагат. Бул көрүнүштү Гегель мындайча түшүндүрөт, «…салттуу форма өзүнө тапшырылган иштер менен тиричилик буюмдарына аяр мамиле кылуу менен аларды кийинки муундарга сактаган үй кызматкери эмес, о.э. каада-салт жансыз айкел да эмес: ал жандуу, ал улам кенейген сайын, өзү башат алган булактан ошончо алыстаган күркүрөлүү сайга окшоп тынымсыз өсүп-өнүгүп турат» [2, 89-б.].

Ошонун негизинде руханий мурастын төмөндөгүдөй негизги функцияларын аныктоого болот: тааным, тарбиялык, алдын ала көрүү, консервативдүүлүк. Ушул функцияларды бөлүп кароо төмөндөгүлөргө негизделген. Биринчиден, бул функциялар руханий мурастын бардык формаларында орун алышкан. Чындыгында эле, материалдык жана руханий маданияттын мурастарынын мазмунуна, формасына жана өнүгүүсүнө теренирек ой жүгүртсөк, анда алардын көпчүлүк элементтери бүгүнкү күндүн маселелери менен органикалык байланышта болуп, учурдагы өнүгүү процессине он же терс таасирин тийгизгендигин көрө алабыз. Бир сөз менен айтканда булардын социалдык ролу өтө кенири таралган, бул учурду руханий мурасты изилдөөдө эске албай коюга болбойт, айрыкча качан алардын формаларын, бүгүнкү күн менен болгон байланыштарын аныктоодо. Экинчиден, руханий мурастын аталган функциясы бүгүнкү коомдук жашоого тийгизген таасиринин масштабы менен гана эмес, коомдук мааниси менен да айырмаланып турат. Биздин жашоодо руханий мурастын ар кандай формасы өзүнчө мааниге ээ. Буга мисал катары өткөн мезгилдеги кубулуштардын тигил же бул абалын, тарыхын изилдөө бүгүнкү күндүн коомдук жашоосундагы процесстерди таанып билүүдөгү теренирек түшүнүүгө шарт түзүүсүн карообо болот. Же болбосо руханий мураска таянуу менен адамдар келечек карата белгилүү

прогноздорду жасай алат. Дагы бир айта кете турган нерсе прогрессивдүү руханий мурас дайыма жаш муундарды мекенчилдике, атуулдука тарбиялоодо негизги каражат катары кызмат кылып келген жана кыла бермекчи. Эгерде ар бир функциянын мазмунуна кайрылсак, жогоруда айтылгандарга ынануу кыйынга турбайт.

Албетте, өткөн мезгилдеги адамзаттын эбегейсиз зор турмуштук тажрыйбасы коомдук эс-тутумда сакталып, бизге руханий мурас формасында келип жетти. Руханий мурасты коомдогу болгон бардык эс-тутумдардын казнасы деп айтууга болот. Ар бир эле коомдун өнүгүүсүнө багытталган социалдык тажрыйбаларды сактап, өткөрүп берүүнүн өзүнүн жолдору бар. Маселен, байыркы Чыгыш элдеринде руханий байлыкты, мурасты жана башка баалуулуктарды муундан-муунга өткөрүп берүү элдин бир нече убакыттардан бери келе жаткан элдик салт аркылуу иш жүзүнө ашырылган. Маселен, Л.П.Буева бул туурасында өзүнүн пикирин мындайча билдирет: «Коомдук тажрыйбанын бир муундан экинчисине өткөрүп берүү коом үчүн маанилүү маалыматты сактоонун жана өткөрүп берүүнүн атайын механизмдери же коомдук эс-тутумдун механизмдери аркылуу ишке ашат. Топтолгон тажрыйбаны сактоо жана өткөрүп берүүнүн нерселик, каада-салттык жана рационалдуулук деп аталган формасы бар» [3, 113-б.].

Каада-салт кандайдыр бир жагдайлардагы адамдардын жүрүм-турумун кайталаган, адатка айланган тарыхый ыкмалары болуп саналат. Каада-салтка эмгектеги жалпы кабыл алынган ыктарды, кандайдыр бир коомдо кенири жайылган адамдардын тиричиликтери жана үй-бүлөдөгү өз ара алакалашуунун формаларын, дипломатиялык жана диний ырым-жырымдарды, о.э. уруунун, таптын, элдин турмуш-тиричилигинин өзгөчөлүктөрүн чагылдырган кайталануучу иш-аракеттерди киргизүүгө болот.

Ырым-жырым деп тигил же бул социалдык идеяны туюнткан символдуу иш-аракеттердин өтө так аткарылган удаалаштыгын түшүнөбүз. Ырым-жырымдар адамдын жашоосундагы төрөлүү (бешике салуу), бойго жетүү, үй-бүлө күтүү (никелешүү), өлүм (сөөк коюу, аш берүү) сыяктуу маанилүү учурларды коштоп жүрөт. Ырым-жырымдын социалдык мааниси индивид тарабынан топтун баалуулуктары менен нормаларын теренирек өздөштүрүүсүндө турат. Ырым-жырымдын күчү инсанга тийгизген күчтүү эмоциялуу-психологиялык таасири менен байланышкан жана аны жараткан музыка, ырлар, бийлер, көркөм жана терен маанилүү кыймылдар менен коштолот.

Каада-салттар, үрп-адаттар, ырым-жырымдар коомдук өнүгүүдөгү муундар аралык байланышты камсыз кылышат. Алар адамдардын тарыхын, турмуш-тиричилигин, руханий жүзүн, психологиялык кулк-мүнөзүн чагылдырып турушат. Алардын пайда болушуна жана мүнөзүнө элдин тарыхынын, чарбасынын, табигый климаттык шарттардын, адамдардын социалдык абалынын, диний көз караштарынын ж.б. өзгөчөлүктөрү таасиринин тийгизет. Каада-салт коомдук мүнөзгө ээ жана адамдардын жүрүм-турумуна таасир берет. Ошондуктан, алар моралдык жактан бааланышат. Айрым каада-салттарда мурда жашаган таптардын кызыкчылыктары менен байланышкан, ошондуктан алар эскинин саркындысынын мүнөзүнө ээ.

Руханий мурасты сактап калууда жана муундан-муунга өткөрүп берүү процессинде негизги каражат болуп тил эсептелет. Тилдин адам баласынын жашоосундагы орду жөнүндө М.Хайдеггер мындай деп жазат: «Тил-адамдын дүйнөнү кучагына батырууга болгон далалаты, «болмушка жакындоого болгон жөндөмү» болуп саналат, анткени тил «болмуштун үйү», анда жашоо аркылуу адам тиричилик кылат, болмуштун акыйкаты менен чындыгына ээ болот. Андан сырткары, сүйлөө жөндөмү адамдын көп сандаган башка

жөндөмүүлүктөрүнөн бир кыйла жогору турат. Сүйлөө жөндөмү адамды дүйнөдөгү башка нерселер менен тирүү макулуктардан айырмалап, адамды адам кылат. Адамдын манызы дал ушул жөндөмдүүлүк менен шартталган» [4, 42-б.].

Буга чейин тарых ырастагандай, кандай гана маданият болбосун, ал тилден башталары белгилүү. Бул дүйнөнүн манызын тил аркылуу түшүнүү дегенди билдирет. Тил – элдин бардык эс-тутумдарынын казынасы. Ошондуктан, тил социомаданияттын сырын ачуудагы каражат болуп эсептелет. Келечек муундардын жүрүм-турумунда, ой жүгүртүүсүндө да кызмат аткарган социомаданияттын, матрицанын ачкычы тил аркылуу жеткирилет. Ошол себептен, Ч.Айтматов: «Тил-кандай гана болбосун, анын эн алгачкы ипостасы (грекчеден –hypostasis- манызы, уюткусу) анын тажрыйбасынын, таанымынын, маданиятынын, тарыхынын жуурулушу, акыр аягына келип эле сезим-туюмдарынын жыйындысы жана улуттун эс-тутуму болуп саналат» [5, 3-б.] – деп таамай баалаган.

Тил – тарыхый, маданий эстеликтердин казынасы. Адамдын эмоционалдуу-интеллектуалдык ишмердүүлүгү дал ушул тилде бекитилип, тил аркылуу берилет. Тил жана эмгек сезимдерди, идеяларды, жалпы эле көз карашты предметтештирүүдөгү негизги каражаттар болуп саналат. Алардын жардамы менен адам убакытты, мезгилди, мейкиндикти жана дүйнөнү өзүнө онтойлуу кылып түшүнүүгө аракет кылат. Тилдин ролу руханий мурастын бардык формаларын сактап калуудагы кылган кызматы менен аныкталат. Руханий мурас башка мурастардан өзгөчөлөнүп, тилдин жардамы менен идеялардын, сезимдердин материалдаштырылган формасы болуп саналат.

Ошентип, биздин пикирибизде, руханий мурастын структурасы материалдык, маданий жана социалдык мурастардын кандайдыр-бир механикалык жыйындысынан куралат. Ушул салыштырмалуу өз алдынча эмгектер бир бүтүндүүлүктү жараткан туруктуу системанын байланышында болот жана бири-бирин шарттап турат. Мурастын ар бир формасынын сапаты, орду, ролу жана мааниси өздөрү курамында турган системанын байланышынан жана жалпы бүтүндүүлүктүн структурасынан көз каранды. Себеби ушул формалардын өзгөрүшү структуранын алмашуусуна алып келет.

Руханий мурас менен анын элементтеринин ортосундагы байланыш бир бүтүндүүлүкө жана карама-каршылыкта жүрөт. Антени, руханий, материалдык жана социалдык мурастарда дайыма сандык жана сапаттык жактан өзгөрүүлөр болуп турат; экинчи жагынан, структура белгилүү убакытка чейин сакталат. Жыйынтыктап айтканда, руханий мурастын негизги структуралык элементтери жана манызы жогоруда айтылгандардан турат. Бирок руханий мурастын мазмуну ушул курамдык элементтерден турат деп айтуудан алыспыз. Мурас позитивдүү жана терс эски жана жаны идеялардын карым-катнаштары менен мүнөздөлөт.

**Колдонулган адабияттар:**

1. Давыдов В.В. Теория деятельности и социальная практика [Текст] / В.В. Давыдов // Вопросы философии. –М., 1996. -№5.

2 Гегель Г.В. Сочинения [Текст] / Г.В.Гегель. –М. –Т.10. 10-б.

3. Буева Л.П. Социокультурный опыт и механизмы его освоения человеком [Текст] / Л.П.Буева // Культурный прогресс: философские проблемы. –М., 1984.

4. Хайдеггер М. Время и бытие [Текст] / М.Хайдеггер. – М., 1976

5. Ч.Айтматовдун республикалык конференциядагы чыгып сүйлөгөн сөзү [Текст] // Кыргызстан маданияты. –Фрунзе, 1987. -17-ноябрь.